КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

31-январь 2025-ж.
№ 17

г. Бишкек

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана тең уюштуруучу И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 12 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2025-жылдын 30-январындагы № 042 токтомунун (1д/к-4/9 протоколу) негизинде **буйрук кылам**:

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана тең уюштуруучу И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 12 буйругуна өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана тең уюштуруучу И. Раззакков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666 диссертациялык кеңештин курамынан экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу:
   - 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана насыя (авторефераты), 08.00.06 – улуттук жана регионалдык демография адистиктери (эмгектеринин жыйындысы) боюнча диссертациялык кеңештин мүчөсү, төраганын орун басары э.и.д., проф. Саякбаева Айганыш Апышевна;
   - 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги (авторефераты) боюнча диссертациялык кеңештин мүчөсү э.и.д., проф. Суранаев Туратбек Жамалбекович чыгарылсын.
2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана тең уюштуруучу И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666 диссертациялык кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:
   - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин финансы кафедрасынын профессорунун м.а. э.и.д., доц. Макеева Светлана Болотовна 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистиги (авторефераты) боюнча экономика илимдеринин доктору

(кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- Евразия университетинин ректору, э.и.д., проф. Омуралиева Дамира Кемеловна 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги (авторефераты) боюнча экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен.

3. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана тең уюштуруучу И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666 диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары болуп диссертациялык кеңештин мүчөсү э.и.д., проф. Акылбекова Нелли Ильинична дайындалсын.

**Төраганын м.а.** **Р. Э. Асизбаев**